“Жек көрүүчүлүккө козутуу” боюнча эскертме

Укуктук негиз:

Эл аралык жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пакттын (ЭЖСУП) 20-беренесинин 2-пункту төмөнкүлөрдү белгилейт:

«Улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүктү жактаган, басмырлоого, кастыкка же зордук-зомбулукка козутуу болуп саналган ар кандай сөз мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек».

Терминдердин аныктамасы:

- **“Жек көрүү”** жана **“кастык”** терминдери максаттуу топко карата айыптоонун, кастыктын жана жактырбоонун терең жана иррационалдуу сезимдеринин көрүнүшүн билдирет.
- **“Үгүттөө”** термини максаттуу топко карата жек көрүүчүлүктү жайылтууга атайылап коомдук көмөк көрсөтүүнү билдирет.
- **“Козутуу”** термини улуттук, расалык же диний топтор жөнүндөгү, аталган топтордун өкүлдөрүнө карата басмырлоонун, кастыктын же зордук-зомбулуктун көрүнүштөрүнүн сөзсүз коркунучун жараткан билдирүүлөрдү билдирет.

Босогодон ашуусун текшерүү:

ЭЖСУПнын 20-беренеси жоопкерчиликтин жогорку босогосун белгилөөнү талап кылат, анткени сөз эркиндигин чектөө өзгөчө учурларда гана колдонулушу керек. Рабат иш-аракеттер планы (A/HRC/22/17/Add.4, тиркеме) сөздүн кылмыш-жаза укук бузуусу катары эсептелиши үчүн алты критерийдин ар бири аткарылышын сунуштайт, атап айтканда:

(1) **Контекст**: Белгилүү бир билдирүү максаттуу топко карата басмырлоого, кастыкка же зордук-зомбулукка ыктымалдуу чакырыкты камтыйбы же жокпу, баалоодо контекст чоң мааниге ээ, анткени ал ниетти жана себеп-натыйжа байланышын түздөн-түз көрсөтүшү мүмкүн. Сөздү талдоодо, аны айтуу жана жайылтуу учурунда үстөмдүк кылган социалдык жана саясий контексти эске алуу зарыл.

(2) **Оратор**: Оратордун коомдогу абалын же статусун, атап айтканда, бул адамдын же уюмдун сөз багытталган аудиторияга карата абалын эске алуу керек.

(3) **Ниет:** ЭЖСУПнын 20-беренеси ниеттин бар экендигин карайт. Шалаакылык же ойлонбостук ЭКЖППнын 20-беренеси боюнча укук бузууну квалификациялоо үчүн жетиштүү негиз болуп саналбайт, анткени бул берене жөн гана маалыматты жайылтууга же берүүгө эмес, көбүрөөк «үгүттөөгө» жана «козутууга» тиешелүү. Буга байланыштуу, сөздүн объектисинин, сөздүн субъектисинин жана аудиториянын ортосундагы үч тараптуу мамилелердин бар экендиги маанилүү.

(4) **Мазмуну жана формасы:** Сөздүн мазмуну соттук кароонун негизги предметтеринин бири болуп саналат жана козутуунун критикалык элементи болуп саналат. Мазмунду талдоодо сөздүн канчалык деңгээлде чагымчыл жана түздөн-түз болгондугун да, ошондой эле анын формасын, стилин, сөздөгү аргументтердин мүнөзүн же алардын тең салмактуулугун да эске алуу зарыл.

(5) **Создун таасир этуу даражасы:** Сөздүн таасир этуу даражасы анын жеткиликтүүлүгү, анын ачык-айкындуулугу, маанилүүлүгү жана аудиториясынын көлөмү сыяктуу элементтерди камтыйт. Ошону менен бирге, сөздүн ачык-айкындуулугун, кандай жайылтуу каражаттары колдонулганын, (мисалы,бир гана брошюрада жайгаштыруу, негизги жалпыга маалымдоо каражаттарында же Интернет аркылуу); билдирүүлөрдүн жыштыгы, санын жана камтуусун; аудиториянын козутууларга ылайык иш-аракет кылууга мүмкүнчүлүгү бар-жогун, билдирүү (же чыгарма) чектелген адамдардын чөйрөсүнө таратылганбы же жалпыга жеткиликтүү болгонбу, эске алуу зарыл.

(6) **Ыктымалдуулук, анын ичинде сөзсүздүк:** Козутуу, аныктамасы боюнча, бүтпөгөн кылмыштарга кирет. Козутуучу сөз аркылуу үгүттөлгөн аракеттер кылмыштын курамын түзүү үчүн сөзсүз түрдө жасалышы керек эмес. Ошого карабастан, зыян келтирүү коркунучунун кандайдыр бир деңгээли болушу керек. Бул соттун көрсөтүлгөн сөз максаттуу топко каршы иш жүзүндөгү аракеттерге алып келүү ыктымалдыгы бар экендигин аныктоосу керектигин бирдирет, мында себеп-натыйжа байланышы түздөн-түз болушу керек.

Рабат иш-аракеттер планы ЭЖСУПнын 20-беренесинин босого критерийлерине дал келген окуялардын катышуучулары мыйзамга ылайык куугунтукталбай жана жазаланбай жаткандыгына байланыштуу тынчсызданууусун билдирет. Ошол эле учурда, азчылыктардын өкүлдөрү иш жүзүндө ички мыйзамдардагы, укуктук практикадагы жана жөнгө салуучу документтердеги кемчиликтерди кыянаттык менен пайдалануу аркылуу куугунтукталууда, бул башка адамдарга терс таасирин тийгизүүдө. Саясий жана диний лидерлер жек көрүүчүлүккө үндөөгө жооп катары зомбулукту колдонууга жол берилбестигин түздөн-түз жана ачык айтууда негизги ролду ойношу керек (ошондой эле "Адам укуктары үчүн ишеним" документин караңыз).